# ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИНИН СОТУ

## КОНСУЛЬТАТИВДИК КОРУТУНДУ

2023-жылдын 11-июлу Минск шаары

Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун Чоң коллегиясы, курамында:

төрагалык кылуучу Е.В. Айриян,

судья-баяндамачы А.М. Ажибраимова,

судьялар, Ж.Н. Баишев, Д.Г. Колос, Т.Н. Нешатаева, В.Х. Сейтимова, Г.А. Скрипкина., А.Е. Туманян, А.А. Федорцов, К.Л. Чайка,

соттук отурумдун катчысы А.К. Асаналиева,

судья-баяндамачыны угуп, иштин материалдарын изилдөө менен,

Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун Статутунун 46, 47, 49, 50, 68, 69, 73, 96, 98-пункттарын, Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун Регламентинин 72, 85-беренелерин жетекчиликке алып,

2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин жоболоруна жана Евразия экономикалык бирлигинин органдарынын айрым чечимдерине түшүндүрмө берүү тууралуу Беларусь Республикасынын Юстиция министрлигинин арызы боюнча төмөнкү консультативдик корутундуну берет.

**Арыз ээсинин суроосу**

Беларусь Республикасынын Юстиция министрлиги Евразия экономикалык бирлигинин Сотуна (мындан ары – Сот) Беларусь Республикасынын атынан (мындан ары – арыз ээси) 2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин (мындан ары – Келишим) жоболоруна жана Евразия экономикалык бирлигинин (мындан ары – Бирлик) органдарынын айрым чечимдерине түшүндүрмө берүү тууралуу арыз менен кайрылган.

Арыз ээси Келишимдин 53-беренесинин 2-пунктуна шилтеме берет, ага ылайык Бирликтин техникалык регламенти күчүнө кирген продукция Бирликтин техникалык регламентинде белгиленген шайкештикти баалоонун зарыл жол-жоболорунан өткөн шартта Бирликтин аймагында жүгүртүүгө чыгарылат.

Арыз ээси белгилегендей, азыркы учурда автоматтык өрт өчүрүүчү суу жана көбүктүү түзүлүштөрдүн курамында иштеген техникалык каражаттар (башкаруу түйүндөрү жана ар кандай курамдык жабдуулар (сигналдык жана бөгөт клапандары, тээктер, жапкычтар, крандар, басымдын жана суюктук агымынын сигнализаторлору ж.б.)) Евразия экономикалык комиссиясынын Кеңешинин 2017-жылдын 23-июнундагы № 40 чечими менен кабыл алынган «Өрт коопсуздугун камсыздоо жана өрт өчүрүү каражаттарына карата талаптар жөнүндө» (ЕАЭБ ТР 043/2017) Евразия экономикалык биримдигинин техникалык регламентинин (мындан ары – ЕАЭБ ТР 043/2017) техникалык жөнгө салуу объектиси болуп саналат жана шайкештиктери милдеттүү түрдө тастыкталууга тийиш.

ЕАЭБ ТР 043/2017нин 91-пунктунда продукциянын аталган регламентке шайкештиги анын талаптарын түздөн-түз аткаруу аркылуу же колдонуунун натыйжасында ыктыярдуу негизде ЕАЭБ ТР 043/2017ни аткаруу камсыздалган стандарттардын тизмегине киргизилген стандарттардын талаптарын аткаруу аркылуу камсыз кылынары каралган.

Евразия экономикалык комиссиясынын Коллегиясынын 2019-жылдын 19-ноябрындагы № 200 чечими менен бекитилген «Өрт коопсуздугун камсыздоо жана өрт өчүрүү каражаттарына карата талаптар жөнүндө» (ЕАЭБ ТР 043/2017) Евразия экономикалык бирлигинин техникалык регламентинин талаптарын аткаруу колдонуунун натыйжасында ыктыярдуу негизде камсыздалган эл аралык жана региондук (мамлекеттер аралык) стандарттардын, ал эми алар жок болгон учурда – улуттук (мамлекеттик) стандарттардын тизмегинин (мындан ары – стандарттар тизмеги) 108-пунктунда каралып жаткан продукциянын тобуна карата ЕАЭБ ТР 043/2017нин талаптарына шайкештигин тастыктоо үчүн ыктыярдуу негизде Россия Федерациясынын «Суу жана көбүктүү өрт өчүрүүчү автоматтык түзүлүштөр. Башкаруу түйүндөрү. Жалпы техникалык талаптар. Сыноо методдору» МАМСТ Р 51052-2002 (мындан ары – МАМСТ Р 51052-2002) улуттук стандарты, тактап айтканда, МАМСТ Р 51052-2002нин 6.2, 6.3 жана
7-пункттары колдонулат.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде арыз ээси төмөнкүлөрдү түшүндүрүп берүүнү өтүнөт:

ЕАЭБ ТР 043/2017 менен өз ара байланышкан Россия Федерациясынын МАМСТ Р 51052-2002 улуттук стандарттарынын талаптарын ыктыярдуу негизде аткаруу тартибинде өрт өчүрүүчү түзүлүштөрдүн курамдык жабдууларынын шайкештигин тастыктоодо Келишимдин жоболорун, ЕАЭБ ТР 043/2017-техникалык регламентти жана Евразия экономикалык

комиссиясынын 2019-жылдын 19-ноябрындагы № 200 чечимин колдонуу тартибин;

МАМСТ Р 51052-2002нин талаптары Евразия экономикалык комиссиясынын 2019-жылдын 19-ноябрындагы № 200 чечими менен белгиленген көлөмдөгүдөй эмес тастыкталган учур үчүн өрт өчүрүүчү түзүлүштөрдүн курамдык жабдууларына карата берилген (катталган) шайкештик сертификаттарын жана шайкештиги жөнүндө декларацияларды тариздөөнүн тартибин;

«Евразия экономикалык бирлигинин техникалык регламенттеринин талаптарына шайкештик сертификатынын жана шайкештиги жөнүндө декларациянын бирдиктүү формалары жана аларды тариздөөнүн эрежелери жөнүндө» Евразия экономикалык комиссиясынын 2012-жылдын 25-декабрындагы № 293 чечими менен бекитилген шайкештик сертификаттарын жана шайкештиги жөнүндө декларацияларды тариздөөнүн эрежелерин эске алганда, колдонуунун натыйжасында ыктыярдуу негизде техникалык регламенттин талаптарын аткаруу камсыздалган МАМСТ 51052-2002 стандартынын колдонулган айрым бөлүмдөрү (пункттары, пунктчалары) жөнүндө маалыматтын канчалык көлөмү шайкештикти баалоо тууралуу документтердин бланктарында чагылдырылышы керектигин (тектеш стандарттардын тизмегинде каралган стандарттын элементтеринин бардык жыйындысы же шайкештикти баалоодо арыз ээси тарабынан факт жүзүндө тастыкталган стандарттын элементтеринин, талаптардын тизмектелиши гана).

**Соттогу жол-жобо**

Жогорку Евразия экономикалык кеңешинин 2014-жылдын 23-декабрындагы № 101 чечими менен бекитилген Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун Регламентинин 75-беренесинин тартибинде түшүндүрмө берүү жөнүндө ишти кароого даярдоонун алкагында суроо-талаптар жөнөтүлгөн жана алар боюнча Евразия экономикалык комиссиясынан, Беларусь Республикасынын Юстиция министрлигинен, Россия Федерациясынын Башкы прокуратурасынан, Армения Республикасынын, Беларусь Республикасынын, Россия Федерациясынын, Кыргыз Республикасынын өзгөчө кырдаалдар жана өрт коопсуздугу жаатындагы компетенттүү органдарынан, Беларусь Республикасынын Мыйзам чыгаруу жана укуктук изилдөөлөр боюнча улуттук борборунан, Казакстан Республикасынын Мыйзам чыгаруу жана укуктук маалымат институтунан, Россия Федерациясынын Өкмөтүнө караштуу Мыйзам чыгаруу жана салыштырма укук таануу институтунан, Россия илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтунан жооптор алынган.

Соттун Чоң коллегиясы 2023-жылдын 5-апрелиндеги арызда баяндалган маселелер боюнча консультативдик корутунду берет (чыгыш № 07-20/424).

**Соттун Чоң коллегиясынын тыянактары**

Соттун Чоң коллегиясы арыз ээсинин суроолоруна жооп берүү үчүн Келишимдин жоболорун, ЕАЭБ ТР 043/2017 техникалык регламентин, ошондой эле техникалык жөнгө салуу жаатында Бирликтин органдарынын чечимдерин колдонуу тартибине түшүндүрмө берүүнү зарыл деп эсептейт.

1. Бирликте товарлардын эркин жүгүрүү принцибин ишке ашыруунун курамдык элементтеринин бири болуп саналган техникалык жөнгө салуу системасы колдонулат. Техникалык жөнгө салуу Бажы биримдигинин Комиссиясынын 2011-жылдын 28-январындагы № 526 чечими менен бекитилген Бажы биримдигинин алкагында милдеттүү талаптар белгиленген продукциялардын бирдиктүү тизмегине (мындан ары – бирдиктүү тизмек) киргизилген продукцияга карата милдеттүү техникалык талаптарды унификациялоо жана бул максаттар үчүн Бирликтин бирдиктүү техникалык регламенттерин кабыл алуу дегенди туюндурат.

Евразия экономикалык биримдигинин алкагында техникалык жөнгө салуу жөнүндө протоколдун (Келишимдин № 9 тиркемеси; мындан ары – Техникалык жөнгө салуу жөнүндө протокол) 2-пунктунун 27-абзацында Бирликтеги техникалык жөнгө салуу – бул «продукцияга карата же продукцияга жана аларга карата талаптар менен байланышкан жана долбоорлоо (анын ичинде издеп табуу), өндүрүү, куруу, монтаждоо, жөндөө, эксплуатациялоо, сактоо, ташуу, сатуу жана утилдештирүү процесстерине карата милдеттүү талаптарды белгилөө, колдонуу жана аткаруу жаатындагы укуктук жөнгө салуу мамилелери, ошондой эле шайкештикти баалоо жаатындагы укуктук жөнгө салуу мамилелери» деп белгиленген.

Келишимдин 53-беренесинин 1-пунктуна ылайык Бирликтин аймагында жүгүртүүгө чыгарылган продукция коопсуз болууга тийиш. Продукциянын коопсуздугун камсыз кылуу, башкача айтканда, Техникалык жөнгө салуу жөнүндө протоколдун 2-пунктунун экинчи абзацында каралгандай зыян келтирүү жана (же) зыянга учуратуу мүмкүндүгү менен байланышкан жол берилгис тобокелдиктин жоктугу Бирликтеги бирдиктүү техникалык жөнгө салуунун негизги максаты болуп саналат.

Продукциянын коопсуздугун тастыктоо жана Бирликтин аймагында аны жүгүртүүгө уруксат берүү үчүн Келишимдин 53-беренесинин 2-пунктуна ылайык продукция Бирликтин техникалык регламентинде (Бирликтин техникалык регламенттеринде) белгиленген шайкештикти баалоонун зарыл жол-жоболорунан өтүшү керек экендиги каралган.

Ушунун негизинде Бирликте бирдиктүү тизмекке киргизилген продукциянын шайкештигин милдеттүү түрдө баалоо эрежелеринин жана жол-жоболорунун бирдиктүүлүк принциби ишке ашырылат, ага ылайык Бирликтин мүчө мамлекеттеринде Бирликтин техникалык регламенттерин колдонуу жана ишке ашыруу четтөөсүз жүзөгө ашырылат.

Соттун Чоң коллегиясы Келишимдин 53-беренесинин 2-пунктунун экинчи абзацына ылайык мүчө мамлекеттер Бирликтин техникалык регламентинин (Бирликтин техникалык регламенттеринин) талаптарына ылайык келген продукцияны мындай продукцияга карата Бирликтин техникалык регламентинде (Бирликтин техникалык регламенттеринде) камтылган кошумча талаптарды көрсөтпөстөн жана шайкештикти баалоонун кошумча жол-жоболорун жүргүзбөстөн өз аймагында жүгүртүүнү камсыз кыла тургандыгын баса белгилейт.

Келишимде ар кандай деңгээлдеги стандарттарды пайдалануу аркылуу Бирликтин техникалык регламенттеринде белгиленген техникалык жөнгө салуу объектилерине карата милдеттүү талаптарды аткаруу механизми аныкталган.

Маселен, Келишимдин 52-беренесинин 3-пунктуна ылайык Бирликтин техникалык регламентинин талаптарын аткаруу жана Бирликтин техникалык регламентинин талаптарына шайкештигин баалоо үчүн ыктыярдуу негизде эл аралык, региондук (мамлекеттер аралык) стандарттар, ал эми алар жок болгон учурда (региондук (мамлекеттер аралык) стандарттарды кабыл алганга чейин) – мүчө мамлекеттердин улуттук (мамлекеттик) стандарттары колдонулушу мүмкүн.

Бирликтин техникалык регламентинин талаптарын аткаруунун бул механизмин ишке ашыруу максатында Техникалык жөнгө салуу жөнүндө протоколдун 4-пунктунда эл аралык жана региондук (мамлекеттер аралык) стандарттардын, ал эми алар жок болгон учурда – колдонуунун натыйжасында ыктыярдуу негизде Бирликтин техникалык регламентинин талаптарын аткаруу камсыздалган улуттук (мамлекеттик) стандарттардын тизмегин бекитүү боюнча Комиссиянын ыйгарым укуктары белгиленген.

Мында улуттук стандарт ыктыярдуу негизде колдонулат жана техникалык регламенттин талаптарын (Техникалык жөнгө салуу жөнүндө протоколдун 4-пунктунун 2-абзацы) аткаруу үчүн жетиштүү шарт болуп саналат. Ошол эле учурда «ыктыярдуулук» бул «милдеттүүлүк» эмес.

Келишимдин 6-беренесинин 1 жана 3-пункттарына, ошондой эле Евразия экономикалык комиссиясы жөнүндө жобонун 13-пунктуна (Келишимдин № 1 тиркемеси) ылайык Комиссиянын чечими менен бекитилүүчү Бирликтин техникалык регламенттери ченемдик укуктук

мүнөзгө ээ, Бирликтин мыйзамдарына кирет жана Келишимдин жоболоруна карама-каршы келбеши керек. Келишимдин 51-беренесинин 1-пунктунун 3-пунктчасынын жана 52-беренесинин 2-пунктунун мазмунунда айтылгандай, Бирликтин техникалык регламенттери тикелей иштөө жана түздөн-түз колдонуу касиеттерине ээ жана Техникалык жөнгө салуу жөнүндө протоколдун 3-пунктунун экинчи абзацында каралган өзгөчө учурларды кошпогондо, четтөөлөрсүз аткарылууга тийиш.

2. Ошол эле учурда стандарттар тизмегинин 108-пунктуна ылайык тиешелүү мамлекеттер аралык стандарт иштелип чыкканга чейин МАМСТ Р 51052-2002нин 6.2, 6.3, 7-пункттары колдонулат.

Евразия экономикалык комиссиясынын Коллегиясынын 2019-жылдын 21-майындагы № 81 чечими менен «Өрт коопсуздугун камсыздоо жана өрт өчүрүү каражаттарына карата талаптар жөнүндө» (ЕАЭБ ТР 043/2017) Евразия экономикалык бирлигинин техникалык регламентинин талаптарын колдонуу жана аткаруу, техникалык жөнгө салуу объектилеринин шайкештигин баалоону жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон изилдөөлөрдүн (сыноолордун) жана өлчөөлөрдүн эрежелерин жана методдорун, анын ичинде үлгүлөрдү тандап алуу эрежелерин камтыган мамлекеттер аралык стандарттарды иштеп чыгуу (өзгөртүү киргизүү, кайра карап чыгуу) боюнча программа бекитилген, анын 35-пунктунда «Суу жана көбүктүү өрт өчүрүүчү автоматтык түзүлүштөр. Башкаруу түйүндөрү. Жалпы техникалык талаптар. Сыноо методдору» мамлекеттер аралык стандарттын долбоору үчүн МАМСТ Р 51052-2002нин негизинде (ЕАЭБ ТР 043/2017 айрым пункттары үчүн) 2018 – 2020-жылдар аралыгында МАМСТ иштеп чыгуу пландаштырылган.

Соттун Чоң коллегиясы бүгүнкү күнгө чейин мындай акт кабыл алына электигин, демек бул мүчө мамлекеттин (Россия Федерациясынын) ченемдик укуктук актысынын жоболоруна МАМСТ Р 51052-2002ни шилтеме камтылган Евразия экономикалык комиссиясынын Коллегиясынын 2019-жылдын 19-ноябрындагы № 200 чечими менен бекитилген «Өрт коопсуздугун камсыздоо жана өрт өчүрүү каражаттарына карата талаптар жөнүндө» (ЕАЭБ ТР 043/2017) Евразия экономикалык бирлигинин техникалык регламентинин талаптарын колдонуу жана аткаруу, техникалык жөнгө салуу объектилеринин шайкештигин баалоону жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон изилдөөлөрдүн (сыноолордун) жана өлчөөлөрдүн эрежелерин жана методдорун, анын ичинде үлгүлөрдү тандап алуу эрежелерин камтыган эл аралык жана региондук (мамлекеттер аралык) стандарттардын, ал эми алар жок болгон учурда – улуттук (мамлекеттик) стандарттардын тизмегинин 120-пунктун колдонуу зарылдыгын билдирет.

Соттун Чоң коллегиясы белгилегендей, бул тизмек изилдөөлөрдү (сыноолорду) жана өлчөөлөрдү жүргүзүү эрежелерин жана методдорун, анын ичинде үлгүлөрдү тандап алуу эрежелерин камтыган мамлекеттер аралык жана региондук (мамлекеттер аралык) стандарттарды, ал эми алар жок болгон учурда – улуттук (мамлекеттик) стандарттарды камтыйт.

Ошентип, эки процессти айырмалоо керек.

Биринчиси, өндүрүүчүлөрдүн ыктыярдуу негизде «суу жана көбүктүү өрт өчүрүүчү түзүлүштөрдү башкаруунун автоматтык түйүндөрү» МАМСТ Р 51052-2002нин (6.2, 6.3, 7-пункттар) продукциясы үчүн колдонуусуна же ЕАЭБ ТР 043/2017нин талаптарын колдонуусуна байланыштуу.

Экинчиси «суу жана көбүктүү өрт өчүрүүчү түзүлүштөрдү башкаруунун автоматтык түйүндөрү» продукциясына карата изилдөөлөрдүн (сыноолордун) жана өлчөөлөрдүн эрежелерин, методдорун, анын ичинде үлгүлөрдү тандап алуу жана шайкештикти баалоо эрежелерин МАМСТ Р 51052-2002нин негизинде пайдалануусуна тиешелүү.

3. Продукциянын коопсуздугунун шайкештигин баалоонун ар кандай ыкмаларына берилген шилтемелерге карата чектөө «Евразия экономикалык бирлигинин техникалык регламенттеринин талаптарына шайкештик сертификатынын жана шайкештиги жөнүндө декларациянын бирдиктүү формалары жана аларды тариздөө эрежелери жөнүндө» Евразия экономикалык комиссиясынын Коллегиясынын 2012-жылдын 25-декабрындагы № 293 чечими менен бекитилген Евразия экономикалык бирлигинин техникалык регламентинин талаптарына шайкештик сертификатын тариздөө эрежелеринде (мындан ары – эрежелер) каралган.

Ошол эле учурда эрежелердин 6-пунктунда шайкештик сертификатынын мазмунуна карата талаптар белгиленген. Атап айтканда, шайкештик сертификатынын бирдиктүү формасынын 10-графасында стандарттар тизмегинен алынган эл аралык жана региондук (мамлекеттер аралык) стандарттардын, ал эми алар жок болгон учурда – улуттук (мамлекеттик) стандарттардын талаптары ыктыярдуу түрдө колдонулганына карабастан, техникалык регламенттин (техникалык регламенттердин) аталышы көрсөтүлүүгө тийиш.

Аталган эрежелерге ылайык, 11-графада алардын ичинде продукциянын техникалык регламенттин (техникалык регламенттердин) талаптарына шайкештигинин далили катары арыз ээси берген башка документтер, ал эми 12-графада – башка стандарттар жана документтер (колдонулган учурда) жөнүндө маалыматтар жана башка маалымат (бар болсо) көрсөтүлөт. Бул сертификат берүүчү орган тарабынан тобокелдикти баалоо үчүн негиз болуп

саналган башка документтер көрсөтүлүүгө тийиш болгон стандарттар колдонулбаган учурда толтуруу үчүн тиешелүү графалар сертификаттын формасында каралгандыгын тастыктап турат.

Ошентип, чарба жүргүзүүчү субъект тарабынан ЕАЭБ ТР 043/2017нин талаптарына шайкештигин баалоо үчүн ыктыярдуу негизде улуттук стандарт тандап алынган учурда, шайкештик сертификатында продукциянын конкреттүү бир түрү үчүн стандарттар тизмегинин 108-пунктунда каралган улуттук стандарттын пункттарынын бардык курамдары көрсөтүлүүгө тийиш.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде Соттун Чоң коллегиясы арыз ээсинин суроолоруна төмөнкүдөй жоопторду берет.

1. Евразия экономикалык комиссиясынын Коллегиясынын 2019-жылдын 19-ноябрындагы № 200 чечими менен бекитилген ЕАЭБ ТР 043/2017нин талаптарын аткаруу колдонуунун натыйжасында ыктыярдуу негизде камсыздалган стандарттардын тизмегинде каралган улуттук стандарт чарба жүргүзүүчү субъект тарабынан ыктыярдуу аткарылган учурда ЕАЭБ ТР 043/2017нин талаптарынын шайкештигин текшерүүнү жүзөгө ашырууда продукциянын конкреттүү бир түрү үчүн каралган улуттук стандарттын пункттары толук көлөмдө бааланууга тийиш.

2. Шайкештик сертификаттарында (11-графа) аккредиттелген сыноо лабораториялары (борборлору) тарабынан түзүлгөн, техникалык регламентте, ошондой эле шайкештикти баалоо үчүн стандарттардын тизмегине киргизилген жана аталган уюмдар тарабынан аткарылган стандарттарда каралган изилдөөлөрдүн (сыноолордун) жана өлчөөлөрдүн түрлөрү боюнча Бирликтин шайкештикти баалоо боюнча органдардын бирдиктүү реестрине киргизилген изилдөөлөрдүн (сыноолордун) жана өлчөөлөрдүн (сертификат берүү схемасында каралган учурларда) протоколдору чагылдырылат.

3. Шайкештик сертификатында продукциянын конкреттүү бир түрү үчүн каралган улуттук стандарттын пункттары жана алардын курамдык бөлүктөрү толук көлөмдө көрсөтүлөт.

**Корутунду жоболор**

1. Ушул консультативдик корутундунун көчүрмөсү арыз ээсине жөнөтүлсүн.

2. Консультативдик корутундунун тексти Соттун расмий интернет-сайтында жарыялансын

Төрагалык кылуучу Э.В. Айриян

| | |
|---|---|
| Судья-баяндамачы | А.М. Ажибраимова |
| Судьялар | Ж.Н. Баишев |
| | Д.Г. Колос |
| | Т.Н. Нешатаева |
| | В.Х. Сейтимова |
| | Г.А. Скрипкина |
| | А.Э. Туманян |
| | А.А. Федорцов |
| | К.Л. Чайка |